# Кыргыз Республикасына эмгек синирген ишмер, журналист, теледиктор Жаманбаева Тамара Кусеиновна



**Жаманбаева (Бакиева) Тамара Кусеин кызы** Нарын облусуна караштуу Нарын шаарында 14-май. 1943-жылы жарык дүйнөгө келген. Тамара Жаманбаева туңгуч кыргыз теледиктору, КРдин эл артисти (2008), Кыргыз ССР маданиятына эмгек сиңирген ишмер, СССР телерадиосунун отличниги (1970), КРдин телерадиосунун отличниги (2003). Фрунзе медициналык окуу жайын (1959), КМУнун журналистика факультетин (1968) бүтүргөн. Кыргыз мамлекеттик телерадиокомитетинде жогорку категориядагы диктор (1959-75), Программа боюнча директордун орун басары (1974-88), илимий-популярдык жана кино редакциясынын, Борбордук телерадиого көрсөтүүлөрдү даярдоо редакциясынын, Ош облустук телерадиокомитетинин башкы редактору, төрайымы (1988-92), КРдин Улуттук телерадиокорпорациясында программа боюнча директор (199294), вице-президент (1994-95), «Замана» чыгармачыл-өндүрүштүк бирикмесинин директору, продюсери (1995-2005, 2008), КРдин Улуттук телерадиокорпорациясынын радио боюнча координациялык борборунун директору (2005-07). 2009-жылдан «Ибарат» маданий борборунун продюсери. «Б. Миңжылкыевдин аткаруусундагы романстар» аттуу телефильмдин, республиканын юбилейлик даталуу күндөрүнө арналган көптөгөн телекөрсөтүүлөрдүн сценарийлеринин автору.Кыргыз элине арнаган ак эмгеги бааланып көптөгөн медалдар менен сыйланган.

Биз сөз кылып жаткан каарманыбыз  көгүлтүр экрандын ажары, Кыргыз телевидениесинин эн алгачкы пайдубалын түптөгөн, азыркы күнгө чейин эмгектенип келе жаткан Жаманбаева Тамара Кусейиновнаны кимдер гана билбейт.

Ысымы, өнү түсү, конгуроодой жагымдуу үнү жумурай-журтка таанымал, кезинде күндөй күлүп жарк этип, кыргызча, орусча жатка шартылдатып окуп чыга калса, көз ирмебей тиктеп суктангандар аз эмес болчу. Тамара Жаманбаева бул кесипке кантип келди артты кылчая карап, элестетип көрөлү.

Тамара эже борборго эжеси Токондун жолун жолдоп, медицина окуу жайына отуп окуп жаткан учурунда көчөдөн кетип баратса, сулууча келген орус аял токтотуп мен телевидениеде иштейм. Кыргызча, орусча жакшы сүйлөгөн  диктор издеп жүрөм дейт. Анда телевизор деген аз, Кээ бир кишилерде болбосо, көп кишиердин кабары жок эле. — Тээтиги мунарага окшогон нерсени көрдүнбү, ошонун алдына келсен сени сүйлөтүп көрөлү деп айтат. Секелек кызга ошол мунара  өмүрүндөгү жашоосунун эн бийиктигине алып чыга турган бакыттын мунарасы экенин кайдан билсин.

Студияга кирди. Өмүрүндө көрбөгөн темирлер, чон-чон жарыктар, бир укмуш дүйнөгө келгендей болду.

Кел кызым, келегой. Конкурска келдинби? Эч коркпой биринчи кыргызча анан орусча окуп корчу деп колуна гезитти карматты. Орозалиев, Тургунбеков деген агайлар экен. Кыздын окуганы экооно тен жакты. Ошол мезгилде телерадио комитетинин төрайымы  Рабия Менсеитова деген эн кыйын, көрөгөч, кыраакы адам болгон. Таланттуу күчтүү режиссерлор менен иштештим дейт Тамара эже. Кыргызстанга атайын Алтай крайынан Рубцовск шаарында эки жыл диктор болуп иштеген Лидия Тюльменко деген  диктор келди.  Жөн эле өз ишин беш колдой билген жагымдуу үнү бар, келишимдүү жашы  жыйырма төрткө барган кыз экен. Дикторчулуктун чеберчилигин, тил маданиятын, логикалык басымдарды кандай сүйлөп,  кандай карагандан баштап мен ошол кыздан үйрөндүм дейт . Үйгө келгенде да жөн отурбай төрт беш саат текст окуп машагат элем дейт эскерүүсүндө.

Ар бир көрсөтүүлөрдө элдин тартылып көрүшүнүн дагы бир кызыкчылыгы- дикторлор болгон.  Теленин алгачкы диктору ошол кездеги кыргыз драма театрынын жаш актрисасы Сайнаке Жунушалиева болгон. Сайнаке Жунушалиеванын озунун театрдагы ишине алаксып, дайыма иштөөгө мүмкүнчүлүгү аз болгон. Такай итегенге штаттык диктор керек эле.Атайын конкурс жарыяланып, дыкаттык менен диктор издешкен. Ошол кезде Медициналык окуу жайында окуп жатканТамара Жаманбаева да конкурса келип, үнүнүн жагымдуулугу, өнүнүн татынакайлыгы менен  режиссерго, жетекчилерге жагат. Ошентип кыргыз телесине жаны, туруктуу иштей турган диктор кыз табылат да, бара-бара дасыгып теле жылдызга айланганын кесиптештери да, көрмандары да күбө болушту.

Бир күнү Уралиев “Кутмандуу болсун күнүнөр” уктуруусун окууга чакырды. Көркөм сөздүн чебери, ырды ийине чейин жеткире окуп элге таанылып калган адам менен кнтип окуйм деп көпкө санаага баттым. Азыр жашсын, эч корпогун деген сөздү укканда көнүлүмө канат бүткөндөй сүйүнүп кеттим. Дикторлук кесипти окутпайт. Буга адамдын шыгы, жөндөмү, таланты болуш керек. Өзгөчө тил маданиятын сактоо, тексти түшүнүү, жүрөктөргө жеткире билүү керек деди.Мындай чебер адамдан сабак алып, чогу иштөө бакыт эле.

Акырындык менен Кыргыз телевидениеси өсүп-өнүгө баштады. Иштеген адамдардын катары көбөйүп кыйын режиссер, редакторлор келе баштады Тамара эже койкоюп кыргыз көйнөгүн кийип алып барганда суктанбаган адам жок эле. Жекет эле көгүлтүр экран менен чектелбей чон сахнада өзүн сыноочу. Токтогул Сатылгановдун 100 жылдыгына карата Кыргыз элинин сыймыктуу кызы Бүбүсара

Бейшеналиева менен Чыңгыз Айтматов, Алымкул Үсөнбаев, Осмонкул Бөлөбалаев, Саякбай Каралаевдер менен биринчи жолу көрсөтүү алып барганы Тамара эженин өмүрүндөгү унутулгус күндөрүнүн бири.

Тамара Жаманбаева кыргыз телерадиожурналистикасынын тарыхында калган инсан. Бул ысым кулакка тааныш обондой. Тээ өткөн кылымдын 59-жылы кыргыз жергесинде теле жөнүндө түшүнүк жаңыдан гана пайда болуп, анда-санда бир үй-бүлөдө гана бул сыйкырдуу искусствонун жарыгы жанып, бүт айыл чогулуп көрүп, “ой шумдук, ушундай да болот экен ээ. Бул кишиби же киши эмеспи”- деп суктанган арзууга ээ болгон, легендага айланган Тамара Кусейиновна өтө бактылуу адам. Телевидениенин кышын кынашып, пайдубалын түптөшүп, Кыргызстандын ар бир үй-бүлөсүнүн бир мүчөсү болуу бактысы, ушул инсанга буюрган. Тамара Бакиева кагаз карабай сүйлөйт, орусча-кырызча бирдей алып барат, тилинин тактыгы өзгөчө эле, өзүн алып жүргөнү бир башкача эле. Жаратылышынан өтө тың, чыйрак, эмгекчил, намыскөй Тамара Кусейиновна эл алдындагы милдетин өтө жоопутуу сезип, эфирдин чыныгы жылдызы болуп, өз мектебин түзө алды.

Таңкы “Замана” студиясы түз эфирдик көрсөтүүсүнүн ачылышы — кыргызстандыктар үчүн чындыгында эле, сенсация болгон. Кыргыз телесинин устаттарынын бири Тамара Кусейиновна Даманбаевага “Замананы” бутунан тургузуу жоопкерчилиги жүктөп, анын карамагына талантуу журналистер Динара Кодуранова,Тамара Валиева, Мелис Турусбеков, Олжобай Токтосуновдорду кошуп жиберүү менен Кыргыз телесинин таңкы берүүсүнүн тушоосу кесилген.

Тамара эженин бир гана арманы, көкүрөгүн сыздаткан кайгысы сүйгөн жары Жаманбаев Акматбек Сагыновичтин дүйнөдөн эрте кеткени. Акматбек Сагынович элге таанылган, эл-журттун кадырына арзыган мыкты илимпоз инсан эле.”Төгүлгөн аяк толбойт” дейт эмеспи, айла канча. Кудайга шүгүр. Балдары, кыздары эстүү чыкты. Уулдары Азис,Алишер эл кадырына жараган жигиттер. Уй-бүлө күтүп, эженин жеңилин жерден, оорун колдон алышкан эр-азаматтар. Тамара эже элге ыраазы, ушул бактылуу жашоосуна ыраазы. Талбай иштеген ишинин акыбети кайтып, эл таанып, журт кадырлап калды.Мындан өткөн бакыт барбы.

Тамара Жаманбаева бүтүндөй эмгек жолун Кыргыз телевидениесине арнаган.Өзү айткандай, “16 жашынан бери” тагдырын телевидениеге байлап койгон, ансыз жашоосун элестете албай калган чыныгы фанатик. Улуттук теленин башында мына ушундай инсандарыбыз болуп келгени эле канчалык сыймыктуу. Теленин иши, талыкпаган изденүүнү талап кылган, абдан түйшүктүү иш. Убакыттын кандай

өткөнүн сезбей,Тан эртеден жарым түнгө чейин иштеп жүрүп үзүрлүү эмгеги КТРдин тарыхында калды.

Чыгармачылыкта алмуздактан зор таланттын ээлери билгенин кийинки муунга үйрөтүп, шакирт ээрчитип, өрнөгүн калтырган. Бул өзүнчө чон улуулуктун үлгүсү деп эсептейм.Анткени чыгармачылыктын туу чокусуна жеткен адамдардын көрөнгөсү келечек ээлерине калганы, анын улуу жолунун уланганы болуп саналат. Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу канаттуу искусство. Элдин күзгүсү, улуттун жүзү болгон бул тармакта эфир алып баруу эн бир жоопкерчиликти, табыгый талантты, зор аракетти талап кылат. Театрда, залда алып баруучуну же талантты миндей адам көрүп, сынап олтурса, теледе жана радиодо миллиондогон адамдардын сынындасын. Демек КРнын Эл артисти, маданиятка эмгек синирген ишмер, “Данк” медалынын ээси, залкар диктор, телерадионун чыгаан инсаны Тамара Жаманбаеванын “Телерадиодо алып баруучунун чеберчилиги” аттуу китеби учурда эн керектүү колдонмо. Жаш кыргыз телерадио журналистеринин чыгармачылыгын өнүктүрүүдө эфир залкарынын сабагы десек жанылышпайбыз. “Телерадиодо алып баруучунун чеберчилиги” аттуу китеби 2014-жылы жарык көргөн.